# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# БУЙРУК

2014-жылдын 12-февралы № 44-б

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-августундагы № 596 токтому менен бекитилген 2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы туруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасын жана Иш-чараларынын планын аткаруу жөнүндө отчеттун бирдей форматын жана формасын киргизүү максатында:

1. Тиркелгендер бекитилсин:

- Коррупцияга каршы туруу боюнча ведомстволук программаны жана иш-чаралар планын иштеп чыгуунун жана аткаруунун Методикасы;

- Коррупцияга каршы мониторингдин жана баалоонун Методологиясы.

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан коррупцияга карши чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна комплекстүү баалоо жүргүзүү боюнча колдонмо.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул буйрукту ишке ашыруу боюнча чараларды көрүшсүн.

3. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коррупцияга карши саясат бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министри** **Ж.Сатыбалдиев**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2014-жылдын 12-
февралындагы
№ 44-б буйругу менен
бекитилген

**Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ведомстволук программаны жана иш-чаралар планын иштеп чыгуунун жана аткаруунун**
**МЕТОДИКАСЫ**

1. Жалпы жоболор жана принциптер

Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ведомстволук программаны жана иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана аткаруу боюнча методика (мындан ары - Методика) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (мындан ары - Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер) коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ведомстволук программаларды жана иш-чаралар пландарын (мындан ары - ведомстволук программа) даярдоо жана ишке ашыруу маселелери боюнча жардам көрсөтүү үчүн арналган.

Ведомстволук программа төмөнкүдөй негизги принциптерге таянат:

- узак мөөнөттүү коррупцияга каршы максаттардын жана көрсөткүчтөрдүн (индикаторлордун) негизинде ведомстволук программаны түзүү, аларга жетишүү жана ушул чөйрөдө кабыл алынуучу стратегиялык документтердин жоболорун эсепке алуу;

- коррупциянын алдын алуу жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды айрыкча толук камтуу;

- аларды ишке ашыруунун өлчөнүүчү жыйынтыктарын белгилөө (акыркы жана орто аралыктагы жыйынтыктар);

- коррупцияга каршы мамлекеттик программанын максаттарына жетишүү үчүн коррупцияга каршы ведомстволук чараларды интеграциялоо;

- жүргүзүлүп жаткан коррупцияга каршы чаралардын натыйжалуулугуна жана таасирдүүлүгүнө үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүү, ошондой эле программаны натыйжасыз ишке ашырган учурда кызмат адамдарынын жоопкерчилигин белгилөө.

2. Ведомстволук программанын максаты

Ведомстволук программанын максаты коррупцияга каршы мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарына ылайык келиши керек жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасын жана Иш-чаралар планын аткарууга, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер тарабынан коррупцияга каршы комплекстүү системаны түзүүгө багытталышы керек.

Негизги максаттар болуп төмөнкүлөр саналат:

- өзгөчөлүгү (максат Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасын ишке ашыруу чөйрөсүнө ылайык келиши керек);

- конкреттүүлүгү (чаржайыт (так эмес) баяндоого, б.а. каалагандай жана көп маанилүү чечмелөөгө жол берилбейт);

- өлчөнүүчүлүгү (максаттын ишке ашкандыгын текшерүүгө болот);

- жеткиликтүүлүгү (максат ведомстволук программаны ишке ашыруу убагында жетишилгидей болушу керек);

- релеванттуулугу (максаттын баяндалышынын ведомстволук программаны ишке ашыруудагы күтүлгөн акыркы натыйжаларга дал келиши).

Ведомстволук программада коюлган максатка жетишүү үчүн ар бир артыкчылыктуу багыт боюнча коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик органдын конкреттүү иш-чараларын чагылдыра турган чаралар (милдеттер) иштелип чыгат.

Ведомстволук программанын максаттары (милдеттери) жана чаралары өз ара байланышкан жана өз ара шартталган болушу керек.

Максаттарды коюуда жана ага жетүүнүн чараларын аныктоодо максатка жетишкендикти жана чаралардын ишке ашырылганын текшерүү жана тастыктоо мүмкүндүгүн камсыздоо зарыл. Бул үчүн максаттарга жеткендикти жана белгиленген чаралардын ишке ашырылганын мүнөздөөчү көрсөткүчтөр (индикаторлор) түзүлөт.

3. Ведомстволук программаны ишке ашырууну башкаруунун жана контролдоонун системасы

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин ведомстволук программаны иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн жооптуу кызмат адамы коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин статс-катчысы болуп саналат. Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъектте мындай кызмат орун жок болсо ведомстволук программаны иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн жооптуу адам жетекчинин орун басары болот.

Ведомстволук программаны иштеп чыгуу жана аткарылышын уюштуруу максатында коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин ведомстволук программаны иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн жооптуу адамы өз ыйгарым укуктарынын чегинде:

а) коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин ведомстволук программасын иштеп чыгууга жана аткарылышын камсыздоого катышуучу ыйгарым укуктуу адамын же структуралык бөлүмүн аныктайт;

б) иш-чаралардын ведомстволук планын иштеп чыгат жана коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин жетекчисине бекитүүгө берет;

в) коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин ведомстволук программаны иштеп чыгуу жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу адамынын же түзүмдүк бөлүмүнүн ишин координациялоону камсыздайт;

г) коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Программаны, Иш-чаралар планын жана ведомстволук иш-чаралардын пландарын мониторингдөө жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу орган (мындан ары - ыйгарым укуктуу орган) менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы чараларын ишке ашыруу маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнү ишке ашырат.

4. Ведомстволук программанын негизги багыттары

Ведомстволук программанын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- коррупцияга каршы саясатты ишке ашырууну ченемдик укуктук жана уюштуруучулук камсыздоо;

- мамлекеттик органдын ченемдик укуктук актыларына жана ченемдик укуктук актыларынын долбоорлоруна алдын ала коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү;

- коррупциянын жаралышынын ведомстволук жана тармактык шарттарын жана себептерин аныктоо, коррупциялык тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүү жана аларды жоюу;

- мамлекеттик кызматта кадрдык камсыздоо жана чектөөлөрдү, тыюу салууларды контролдоо системасын өркүндөтүү, кызыкчылыктардын кагылышын табуу жана жоюу;

- жашырындык режимин сактоо жана мамлекеттик жашырын сырларды сактоо менен мамлекеттик органдын ишинин ачыктыгын камсыздоо жана маалыматтык ачык-айкындыгын жогорулатуу;

- жашырындык режимин сактоо жана мамлекеттик жашырын сырларды сактоо менен жарандык коомдун институттарын мамлекеттик органдарда коррупцияга каршы күрөшүү процессине тартуу;

- кызматчыларга коррупцияга каршы билим берүү жана коррупцияга каршы жүрүм-турумду пропагандалоо;

- мамлекеттик кызматта ак ниет башкаруунун жана адептик стандарттардын принциптерин жайылтуу.

5. Ведомстволук программаны ишке ашыруу

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин компетенциясынын чегинде ведомстволук программаны ишке ашыруу үчүн:

- коррупцияга каршы күрөшүү жана мамлекеттин коррупцияга каршы саясатын ишке ашыруу маселелери боюнча актылар чыгарылат;

- мамлекеттик кызматты өтөөдө коррупцияга каршы күрөшүү жана кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу боюнча чаралар ишке ашырылат;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына жана иштелип чыгуучу ченемдик укуктук актыларынын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза (алдын-ала) жүргүзүлөт;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү башка субъекттер жана өкмөттүк эмес уюмдар менен биргелешкен иш-чаралар, маалымат алмашуу жүргүзүлөт жана башка өз ара аракеттенүүнүн башка формалары ишке ашырылат;

- коррупцияга каршы күрөшүү жана коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу маселелери боюнча кеңешмелер, конференциялар, семинарлар өткөрүлөт;

- коррупциогендүү зоналарды табуу жана коррупциялык тобокелдиктерди жок кылуу үчүн иш процесстерге (жол-жоболорго) талдоо жүргүзүлөт;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин карамагынын чегинде коррупцияга каршы күрөшүү маселелери боюнча комиссиялар жана жумушчу топтор түзүлөт;

- колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жарандардын жана уюмдардын мамлекеттик органдагы же анын ведомстволук бөлүмүндөгү коррупция тууралуу маалыматтарды билдирген кайрылуулары каралат;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү субъектте коррупцияга каршы күрөшүүнүн маселелери боюнча маалыматтык, маалыматтык-аналитикалык жана маалымдама материалдар даярдалат, анын ичинде коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүүнүн алкагында даярдалат жана алардын көчүрмөлөрү ыйгарым укуктуу органга жиберилет, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин сайтына жайгаштырылат.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасын жана Иш-чаралар планын жана ведомстволук программаларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчетторду даярдоо

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъект отчетту Методиканын тиркемесине ылайык форма боюнча даярдайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасын жана Иш-чаралар планын ишке ашыруунун конкреттүү жыйынтыктарын баяндоодо отчет төмөнкүлөрдү карайт:

- отчеттук мезгилде жетишилген негизги жыйынтыктар (прогресс жөнүндө отчет);

- пландаштырылган, бирок жетишилбей калган жыйынтыктар, аткарылбай калган жана толук эмес көлөмдө аткарылган иш-чараларды көрсөтүү менен;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасын жана Иш-чаралар планын жана ведомстволук программаларды ишке ашыруунун жүрүшүнө таасир эткен факторлорго талдоо.

Отчет квартал сайын коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин расмий сайтына жайгаштырылат.

Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча
ведомстволук программаны жана иш-
чаралар планын иштеп чыгуунун жана
аткаруунун методикасына
тиркеме

**Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ведомстволук программаны аткаруу жөнүндө отчеттун ФОРМАСЫ**

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин аталышы (мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы)

______________________________________________

Отчет берүүнүн убагы (жылы, күнү, айы,)

______________________________________________

Ведомстволук программаны иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн жооптуунун аты-жөнү, кызмат орду

______________________________________________

Ыйгарым укуктуу адамдын аты-жөнү, кызмат орду

______________________________________________

Байланыш маалыматы: электрондук почтасынын дареги, кызматтык телефонунун номери

______________________________________________

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Натыйжалуулуктун индикаторлору | | Аткарылган иштин мазмуну | Аткарылбай калуунун (же жарым-жартылай аткаруунун) себептери | Жооптуу аткаруучулар | Чараларды ишке ашыруу боюнча андан аркы аракеттер | Бюджет |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пландалганы | жетишилгени | | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | | 5 | 6 | 7 | 8 | |
| Коррупцияга каршы саясатты ишке ашырууну ченемдик укуктук жана уюштуруучулук камсыз кылуу | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Мамлекеттик органдын ченемдик укуктук актыларына жана ченемдик укуктук актыларынын долбоорлоруна коррупцияга каршы алдын ала экспертиза жүргүзүү | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Коррупциянын пайда болушунун тармактык шарттарын, себептерин жана коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана аларды жоюунун механизмдерин аныктоо | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Мамлекеттик кызматта кадрдык камсыздоо жана чектөөлөрдү, тыюу салууларды контролдоо системасын өркүндөтүү | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Мамлекеттик органдын ишинин ачыктыгын камсыздоо жана маалыматтык ачык-айкындыгын жогорулатуу | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Жарандык коомдун институттарын мамлекеттик органдарда коррупцияга каршы күрөшүү процессине тартуу | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Кызматчыларга коррупцияга каршы билим берүү жана коррупцияга каршы жүрүм-турумду пропагандалоо | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Мамлекеттик кызматта ак ниет башкаруунун жана адептик стандарттардын принциптерин жайылтуу | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |

Эскертүү:

1. Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматка зарыл болсо айрым жоболорду толук чечмелеп түшүндүрүү, коррупцияга каршы ишке ашырылган маанилүү чараларды баяндоо менен түшүндүрмө кат даярдалат.

2. Зарыл болгон учурда түшүндүрмө катта жана таблицанын текстинде изилдөөлөрдүн жыйынтыгына, статистикалык маалымдарга же башка маалыматтарга шилтеме жасалат.

3. Коррупцияга каршы мамлекеттик программаларды ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, мыйзамдык жана институттук базаны, ошондой эле коррупцияга каршы чаралар системасын өркүндөтүү боюнча сунуштар киргизилет.

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2014-жылдын 12-
февралындагы
№ 44-б буйругу менен
бекитилген

# Коррупцияга каршы мониторингдин жана баалоонун МЕТОДОЛОГИЯСЫ

1. Коррупцияга каршы саясаттын негизги принциптери жана коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүүнүн шарттары

Коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун ушул методологиясы (мындан ары - методология) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасын жана Иш-чаралар планын ишке ашырууну мониторингдөөнү жана баалоону системага салууга багытталган.

Коррупцияга каршы саясаттын негизги принциптери төмөнкүдөй:

1) коррупциогендүү факторлорду жана көрүнүштөрдү жоюуга багытталган алдын алуучу чаралардын артыкчылыгы;

2) өкмөттүк эмес уюмдарды жана көз каранды эмес эксперттерди тартуу жолу менен мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого карата тууралыкты жана калыстыкты сактоо;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары - коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер) функцияларын, ошондой эле жарандардын жана уюмдардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү чечимдерди кабыл алуунун тартибин оптималдаштыруу;

4) таламдардын кагылышын табуу жана жоюу;

5) коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу;

6) коррупциянын зыяндуу кесепеттеринин алдын алуу жана жоюу;

7) кызматчыларга коррупцияга каршы билим берүү жана коррупцияга каршы жүрүм-турумду пропагандалоо;

8) мамлекеттик кызматта ак ниет башкаруунун жана адептик стандарттардын принциптерин жайылтуу;

9) ачык-айкындыкты камсыздоо.

2. Негизги түшүнүктөр

Коррупцияга каршы чараларды ишке ашырууга коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүү (мындан ары - коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүү) - коррупциогендүү факторлордун маалыматтарын топтоо, байкоо жүргүзүү, талдоо, баалоо жана болжолдоо, ошондой эле коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруунун чараларынын натыйжалуулугу.

Маалыматтарды топтоо - субъекттерден мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын күнүмдүк иштерине киргизилген коррупцияга каршы чараларды аткаргандык жөнүндө туура маалыматтарды алуу.

Байкоо жүргүзүү - коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү процесстерди жана көрүнүштөрдү максатка багыттуу жана план ченемдүү кабылдоо, анын жыйынтыгы байкоочу тарабынан жазылат. Маанилүү жыйынтыктарды алуу үчүн көп жолу байкоо жүргүзүү зарыл.

Талдоо алынган маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт, жыйынтык чыгарылат жана тийиштүү башкаруучулук чечимди кабыл алуу боюнча сунуштар түзүлөт.

Баалоо - жүргүзүлгөн кийлигишүүнүн максатка ылайыктуулугун, натыйжалуулугун, майнаптуулугун, баалуулугун (кошумча артыкчылыктарын), туруктуулугун жана/же таасирин табууга (канчалык мүмкүн болсо, ошончолук системалуу жана объективдүү болушу керек) багытталган процесс;

Болжолдоо - кандайдыр-бир көрүнүштүн келечектеги абалы тууралуу атайын илимий изилдөөгө (болжолдоого) негизделген ыктымалдуулук жөнүндө ой жүгүртүү.

Мониторингдин объекттери - коррупциялык көрүнүштөр жана мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарын аткаруу боюнча иштери.

Мониторингдин субъекттери - мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

Коррупциялык сигналдар - төмөнкүдөй жагдайлар, андай учурларда:

а) жаран өз укуктарын, анын ичинде керектүү маалыматты алууга болгон укугун эркин ишке ашыра албайт, же жөнөкөй эле маселесин бийликтин кайсы бир органында тез жана натыйжалуу чече албайт;

б) эл алдындагы милдеттүү отчеттуулук механизми жок;

в) кабыл алынган чечимдерге даттанууда кыйынчылык болот;

г) чиновниктер ишкердик жүргүзүүгө аралашкан учурлар көп;

е) чиновниктин финансылык мүмкүнчүлүгү анын жашоо мүнөзүнө дал келбейт;

ж) укук коргоо органдарына жана сотторго саясий жана башка басым көрсөтүү мүнөздүү;

з) бардык деңгээлдеги бийлик органдарына, ошондой эле укук коргоо жана сот органдарына жарандардын ишениминин деңгээлинин төмөн экендиги байкалат.

Коррупциогендүү факторлор - төмөнкүдөй жагдайлар, андай учурларда:

1) коомдук контролдоо үчүн механизмдер жок;

2) коррупцияга каршы күрөштүн субъектин ишке дайындоодо жана иштен бошотууга ачык-айкындык жок;

3) ресурстарды бөлүштүрүүдө ачык-айкындык жок;

4) юридикалык маанилүү чечимдерди ж.б. чыгаруу үчүн мөөнөтүнүн кыскалыгы.

3. Коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүүнүн максаты, милдети жана багыттары

Коррупцияга каршы мониторингдин негизги максаты - кабыл алынуучу башкаруучулук чечимдердин негизинде республикада коррупциялык көрүнүштөрдү өз убагында алдын алуу, аныктоо жана кесепеттерин жоюу үчүн республикада коррупциянын деңгээлин туура баалоону калыптандырууну көздөйт.

Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй маселелерди чечүү зарыл:

1) коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин коррупцияга каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын аткарылышы тууралуу маалыматтык материалдарды (отчетторду, баяндамаларды, аналитикалык жана түшүндүрмө каттарды) өз убагында жана сапаттуу берүү боюнча ишин уюштурууну жана координациялоону камсыздоо;

2) коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер тарабынан коррупцияга каршы чаралардын аткарылышын мониторингдөө системасын иштеп чыгуу, киргизүү жана алардын коррупциялык жагдайга тийгизген таасирин баалоо;

3) программалардын ишке ашырылышын натыйжалуулуктун индикаторлору боюнча үзгүлтүксүз мониторингдөө жана аткарылган иштердин натыйжалуулугуна андан ары баа берүү;

4) коррупцияга каршы күрөшүү боюнча иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, коррупциогендүү факторлордун пайда болуу жана таасир этүү мүмкүндүгүнүн алдын алуу жана болжолдоо, коррупцияга каршы коомдук ой-пикирди түзүү боюнча негизги багыттарды табуу.

Коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүүнүн негизги багыттары төмөнкүлөргө талдоо жүргүзүү болуп саналат:

- коррупцияга каршы программалар аркылуу, алардын натыйжалуулугун баалоону камсыздоо боюнча ишке ашырылуучу чараларга;

- коррупциянын иш жүзүндө таркалышынын фактылуу белгилерине кирген коррупциогендүү сигналдарга;

- коррупциогендүү факторлорго - ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына өз убагында ылайык келтирүү, коррупцияга каршы программаларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камсыздоо боюнча.

Программанын иш-чараларын аткарууга коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүү жана баалоо жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрдүн индикаторлору аркылуу байкоого алынат. Программага мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы маалыматтын эки каналына: мамлекеттик (расмий) каналына жана өкмөттүк эмес уюмдар жана көз каранды эмес эксперттер тартылган (коомдук) коомдук каналына таянат.

Коррупцияга каршы мониторингди коррупцияга каршы күрөшүүчү субъект, ошондой эле Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программанын жана Иш-чаралар планынын жана ведомстволук пландардын ишке ашырылышын баалоо жана мониторингдөө (жыйынтыктоочу мониторинг) боюнча ыйгарым укуктуу орган (мындан ары - ыйгарым укуктуу орган) жүргүзүшөт.

Коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүүнүн методдору төмөнкүдөй:

а) жалпы кабыл алынган коррупциялык практиканы изилдөө жана коррупциялык кырдаалдын механизмдерине көз салуу;

б) коррупциянын деңгээлин жана структурасын бийликтин деңгээлдери жана институттары, экономиканын тармактары ж.б. боюнча ченөө;

в) коррупция чөйрөсүндөгү коомдук аң-сезимди изилдөө;

г) коррупцияга каршы иш-чаралардын натыйжалуулугун ченөө.

4. Ведомстволук деңгээлде коррупцияга каршы (алгачкы) мониторинг жүргүзүү

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер ведомствонун ичиндеги коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгышат, ошондой эле төмөнкүдөй багыттар боюнча иш-чаралардын конкреттүү тизмесин аныкташат:

- коррупцияга каршы күрөшүүнү мыйзамдык камсыз кылуу;

- коррупциянын алдын алуу жана деңгээлин азайтуу максатында мамлекеттик башкарууну өркүндөтүү;

- юридикалык кадрлардын кесиптик деңгээлин жана мыйзамдарды билишин жогорулатуу;

- чараларды (кыска мөөнөттөгү жана орто мөөнөттөгү чараларды) ишке ашыруу.

Ведомстволук деңгээлде коррупцияга каршы күрөшүүнүн чараларын ишке ашырууга мониторинг, чараларды ишке ашыруу жана аткарылгандыгы тууралуу отчеттон тышкары коррупцияга каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын планында коюлган индикаторлорго жетишүүнү эске алуу менен төмөнкүдөй кошумча багыттарды дагы камтышы керек:

1) коррупцияга каршы билим берүүгө мониторинг жүргүзүү - коррупцияга каршы билим берүүчү программаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, калк арасында коррупцияга каршы илимди таркатуу боюнча маалыматтарды берүү;

2) коррупцияга каршы пропагандага мониторинг жүргүзүү - коррупциянын көйгөйлөрүнө, коррупциогендүү факторлорго жана коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруунун чараларына арналган жалпыга маалымдоо каражаттарындагы жарыялар тууралуу маалыматтарды берүү;

3) ченемдик укуктук актыларга, анын ичинде алардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертизага мониторинг жүргүзүү - коррупциялык укуктук мамилелерди пайда кылууга жөндөмдүү укук чыгаруу кемчиликтерин табуу жана жоюу боюнча коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымат берүү (мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана көз каранды эмес эксперттердин);

4) жарандардын жана юридикалык жактардын алардын укуктарын коррупциялык кол салуулардан коргоо маселеси боюнча кайрылууларына мониторинг жүргүзүү - коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин дарегине, анын ичинде "ишеним телефону" боюнча жана электрондук формада жарандардан жана юридикалык жактардан алардын укуктарын коррупциялык кол салуулардан коргоо боюнча келип түшкөн даттанууларынын жана кайрылууларынын каралгандыгы тууралуу маалыматтарды берүү;

5) коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин өкмөттүк эмес уюмдар жана көз каранды эмес эксперттер менен өз ара аракеттенүүлөрүнө мониторинг жүргүзүү;

6) мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн товарларды алууга, жумуш аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө заказдарды берүүдө мыйзамдын талаптарынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү;

7) коррупцияга каршы күрөшүүчү жана/же коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруучу субъекттердин коррупцияга каршы ишинин ачыктыгына мониторинг жүргүзүү;

8) коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин же алардын кызмат адамдарынын бюджеттик каражаттарды максаттуу жана натыйжалуу пайдаланышы жөнүндө финансылык контролду мониторингдөө;

9) адам ресурстарын башкаруу боюнча кызматтардын ишинин уюштурулушуна жана натыйжалуулугуна коррупциялык жана башка укук бузуулардын алдын алуу боюнча мониторинг жүргүзүү.

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин ыйгарым укуктуу адамы же түзүмдүк бөлүнүшү (мындан ары - ыйгарым укуктуу адам) өздөрүнүн түзүмдүк бөлүнүштөрүндө коррупцияга каршы күрөшүү боюнча пландалган кыска мөөнөттүк жана орто мөөнөттүк чаралардын ишке ашырылышына алгачкы (ички ведомстволук) мониторинг жүргүзөт жана отчет даярдайт.

Ыйгарым укуктуу адамдар программанын аткарылышы боюнча отчеттук мезгил үчүн отчетторду ыйгарым укуктуу органга белгиленген форма боюнча басылма түрүндө жана электрондук сактагычта беришет (ушул Методологиянын 1-тиркемеси).

Мөөнөтүн бузуу менен берилген маалыматтык материалдарды (отчетторду, докладдарды) ыйгарым укуктуу орган кароого кабыл албайт.

5. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан коррупцияга каршы (жыйынтыктоочу) мониторинг жүргүзүү

Жыйынтыктоочу отчет Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктоочу ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлөт.

1) Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъект берүүчү отчет белгиленген формада түзүлөт (ушул Методологиянын 2-тиркемеси).

2) Жарандык коом тараптан альтернативдик отчет төмөнкүдөй түрдө берилет:

- жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган маалыматтар жана билдирүүлөр;

- жарандардын, уюмдардын, бизнес-жамааттардын жана алардын бирикмелеринин кайрылуулары;

- социалдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер берүүчү отчетторду верификациялоонун маалыматтары жана текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча башка расмий маалыматтар;

- башка маалыматтар.

Ыйгарым укуктуу орган коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттер берген отчетторду жалпылоо жана талдоо менен өкмөттүк эмес уюмдар берген альтернативдик мониторингдин жыйынтыктарын эске алып, программалардын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү чараларын ишке ашыруунун жыйынтыктоочу мониторингин жүргүзөт.

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин коррупцияга каршы чараларды аткаргандыгын жана коррупцияга каршы чара көрүүнүн натыйжаларына жетишкендигин жыйынтыктоочу мониторингдөөдө ыйгарым укуктуу орган пландаштырылган индикаторлор боюнча натыйжаларга жетишүүнү жана ведомстволук пландарга киргизилген чаралардын аткарылышын ведомстволук индикаторлорду пайдаланып баалоо менен программаны аткаруунун статусун аныктайт.

Ыйгарым укуктуу органдын баасынын негизинде, жыйынтыктоочу мониторингдин жыйынтыгы боюнча программанын орто аралыктагы иш-чараларын аткаруунун натыйжалуулугу мезгил-мезгили менен бааланат. Алынган жыйынтыктын негизинде иш-аракеттердин натыйжалуулугун жогорулатуу,

ресурстарды кайра бөлүштүрүү жана аларды оптималдуу пайдалануу, коррупцияга каршы күрөшүүнүн субъекттери менен координацияны жакшыртуу боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясында белгиленген максаттарга жетүү жана маселелерин чечүү боюнча керектүү чараларды көрүү үчүн корутунду даярдалат.

6. Коррупциянын абалына улуттук деңгээлде баалоо жүргүзүү

Коррупциянын абалына улуттук деңгээлде баалоону ыйгарым укуктуу орган мамлекеттик жана өкмөттүк эмес структураларды, ошондой эле коммерциялык эмес изилдөөчү уюмдарды тартуу менен жүргүзөт. Мында коррупциянын абалына баалоо коррупцияга каршы күрөшүүчү ар бир субъект боюнча конкреттүү түрдө, ыйгарым укуктуу орган бекиткен графикке ылайык жүргүзүлөт. Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин коррупциянын абалына баа берүүсү көбүнчө антикоррупциялык мониторинг жолу менен алынган маалыматка, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү программаларын жана пландарын аткаруу боюнча отчеттордон алынган маалыматтарга таянат.

Коррупциянын абалына баа берүүнүн тууралыгын арттыруу үчүн альтернативдүү методикалар да колдонулушу мүмкүн (коррупциядан келтирилген зыяндын акчалай түрдөгү өлчөмү). Баалоо тийиштүү тастыктоочу маалыматка негизделет (коррупциялык тобокелдиктердин саны жана тиби, схемалары, мыйзам бузуулар боюнча; коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин чабалдыгы боюнча).

Отчеттордо төмөнкү маселелер чагылдырылат:

- мамлекеттин социалдык, экономикалык жана укуктук чөйрөлөрдө коррупцияга каршы саясатын ишке ашырууну камсыздоочу кепилдиктерди күчөтүү;

- мамлекеттик кызматтын системасын коррупциялык процесстердин бүлүнтүүчү таасиринен коргоо;

- коррупциялык схемаларды жана тобокелдиктерди табуу жана жоюу;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин ачык-айкындыгын жана отчеттуулугун жогорулатуу;

- коррупцияга каршы күрөшүү жана анын маалымдуулугун жогорулатуу ишинде мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун күч-аракеттерин бириктирүү;

- коррупцияга каршы күрөшүү боюнча эл аралык, ведомстволор аралык, региондук, сектордук деңгээлде, ошондой эле жарандык коомдун институттары менен өз ара байланышта көрүлүп жаткан чаралар;

- коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин кызматчыларынын этикалык жана кесиптик жүрүм-турумдарын камсыз кылуунун системасы;

- жарандарда мамлекеттик бийлик системасына ишенимин чыңдоо, Бириккен Улуттар Уюмунун 2005-жылдын 6-августундагы Коррупцияга каршы конвенциясын эске алуу менен коррупциянын алдын алуунун стабилдүү мыйзамдык негиздерин түзүү жана улуттук мыйзамды өркүндөтүү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы чараларын ишке ашыруу боюнча мониторинг жүргүзүүнүн кошумча артыкчылыктарын, индикаторлорун жана механизмдерин аныктоо.

Коррупцияга каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугунун структурасын коррупцияга каршы чаралардын ар биринин милдеттүү элементтерине толук дал келе тургандыгын көрсөткөн элементтер аныктайт. Баалоонун ар бир деңгээли үчүн баалоонун критерийлерин түзүүчү, дал келүүнүн мүмкүн болгон беш деңгээли бар:

"толук өлчөмдө дал келет" - "4" балл коюлат, "орчундуу деңгээлде дал келет" - "3" балл коюлат, "бир аз дал келет" - "2" балл коюлат, жана "дал келбейт" - "1" балл коюлат. Өзгөчө жагдайларда баалоо "колдонууга болбойт" деп аныкталып калышы мүмкүн, мындай учурда - "0" балл коюлат (институттук жана мыйзамдык инструментарийлердин жоктугу). Бул рейтингдер олуттуу критерийлерге гана негизделген жана төмөнкүдөй түрдө аныкталган:

| | |
|---|---|
| 4 балл | Коррупцияга каршы чаралар болгон бардык олуттуу критерийлерге карата толук аткарылат |
| 3 балл | Орчундуу критерийлердин басымдуу көпчүлүгүнө толук дал келүү менен бир аз гана жетишпестиктер бар |
| 2 балл | Мониторингдин субъекттери бир катар олуттуу чараларды көрүшкөн жана болгон орчундуу критерийлердин айрымдарына дал келет |
| 1 балл | Орчундуу критерийлердин басымдуу көпчүлүгүнө дал келбөө менен олуттуу кемчиликтер бар |
| 0 балл | Коррупцияга каршы күрөштүн субъектинин структуралык, укуктук же институттук мүнөздөмөлөрүнөн улам талаптар же талаптардын айрымдары колдонууга жарабайт |

Коррупцияга каршы күрөштүн натыйжалуулугун талкуулоо жана текшерүү процессинде коррупцияга каршы күрөштүн субъектине бир тараптуу визит ишке ашырылып жаткан чаралардын натыйжалуулугу тууралуу, анын ичинде коррупциялык тобокелдиктер жана чабал жерлер жөнүндө толук маалымат алууга мүмкүндүк берет.

7. Коррупциянын алдын алуу чөйрөсүндө институттук чараларды өнүктүрүү

Коррупцияга каршы мониторинг жүргүзүү программаны төмөнкү багыттар боюнча өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет:

- мамлекеттин социалдык, экономикалык жана укуктук чөйрөлөрдө коррупцияга каршы күрөшүү саясатын ишке ашырууну камсыздоочу кепилдиктерди күчөтүү;

- мамлекеттик кызмат системасын коррупциялык процесстердин бүлүндүрүүчү таасиринен коргоо;

- экономиканын жана саясаттын бардык чөйрөлөрүндө коррупциялык схемаларды жана тобокелдиктерди аныктоо жана жоюу;

- эл аралык тажрыйбаны жана улуттук деңгээлде иштелип чыккан демилгелерди эске алуу менен коррупциянын алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча чараларды жаңылоо;

- ак ниет башкарууну, коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин кызматкерлеринин этикалык жана кесиптик жүрүм-турумдарын камсыздоо системасын киргизүү;

- жарандарда мамлекеттик бийликке карата ишенимди чыңдоо, коррупцияга каршы күрөшүүдөгү эл аралык мыйзамдардын нормаларын эске алуу менен коррупциянын алдын алуу жана улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү үчүн туруктуу мыйзамдык негиздерди түзүү.

Коррупцияга каршы
мониторингдин жана
баалоонун
методологиясына
1-тиркеме

**Программанын аткарылышы жөнүндө отчетту берүүнүн ФОРМАСЫ**

Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттин аталышы (мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы)

________________________________________________

Отчетту берүү мезгили (күнү, айы, жылы)

________________________________________________

Ыйгарым укуктуу адамдын аты-жөнү, кызматы

________________________________________________

Байланыш маалыматтары: электрондук почтасынын дареги, кызматтык телефонунун номери

________________________________________________

Программада каралган кыска мөөнөттүү же орто мөөнөттүү чаралар: (пункттарын көрсөтөт)

________________________________________________

| № | Иш-чаралар | Орто аралыктагы жыйынтыктар | Аткарбай калуунун (же жарым-жартылай аткаруунун) себептери |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1-артыкчылык: Коррупциялык схемаларды жоюу | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 2-артыкчылык: Мамлекеттик органдардын ачыктыгын жана отчеттуулугун жогорулатуу максатында мамлекеттик башка | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3-артыкчылык: Мамлекеттик органдардын жарандык коом менен өз ара байланыштагы аракеттери жана анын маалымд | | | |
| 1 | | | |
| 2 | | | |

Эскертүү:

1. Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматка зарыл болсо айрым жоболорду түшүндүрүү, чечмелөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программасында жана Иш-чаралар планында каралбаган жана ишке ашырылган коррупцияга каршы маанилүү чараларды баяндаган түшүндүрмө кат даярдалат.

2. Зарыл учурда түшүндүрмө катта жана таблицанын текстинде изилдөөлөрдүн жыйынтыгына, статистикалык маалыматтарга же башка маалыматтарга шилтеме жасалат.

Коррупцияга каршы мониторингдин жана баалоонун методологиясына
2-тиркеме

**Коррупцияга каршы күрөшүүчү субъекттердин коррупцияга каршы күрөшүү чараларын ишке ашыруусундагы натыйжалуулуктун**
**ИНДИКАТОРЛОРУ**
**(ведомстволук программалар жана пландар боюнча)**

| № к/м | Коррупцияга каршы саясаттын негизги багыттары | Натыйжалуулук/аракет индикатору | Ченөө бирдиги |
|---|---|---|---|
| 1 | Коррупцияга каршы саясаттын ишке ашырылышын ченемдик укуктук жана уюштуруучулук камсыздоо | Коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын долбоорун даярдоо жана кабыл алуу | Ченемдик укуктук актылардын саны жана аталышы |
| | | Коррупцияга каршы күрөштүн ведомстволук системасынын механизмдеринин иштеши | Механизмдердин (чаралардын) саны жана аталышы |
| 2 | Коррупциянын, коррупциялык тобокелдиктер дин пайда болуу шарттарын жана себептерин, аларды жок кылуунун механизмдерин аныктоо | Мамлекеттик органдарда коррупциялык тобокелдиктердин системага салынган тизмеси | Коррупциялык тобокелдиктердин тизмеси жана саны |
| | | Мамлекеттик органдагы коррупциялык факт боюнча даттануулардын үлүшү (бардыгы) жана чаралар көрүлгөн даттануулардын үлүшү | Отчеттук мезгилде келип түшкөн даттануулардын жалпы санынан % |
| | | Аныкталган коррупциялык эреже бузуу фактыларынын саны | Коррупциялык эреже бузуулардын саны жана тизмеси |
| | | Коррупциялык эреже бузгандыгы үчүн жоопко тартылган кызматкерлердин саны | Кызматкерлердин жалпы санынан % |
| 3 | Кадрдык камсыздоо жана мамлекеттик кызмат өтөөгө байланыштуу | Кадрдык саясатты ишке ашыруу алкагында коррупцияга каршы механизмдерди жайылтуу | Коррупцияга каршы механизмдердин үлүштүк % жана алардын тизмеси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | коюлган чектердин жана тыюулардын сакталышын контролдоо системасын өркүндөтүү | Кирешеси, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалыматтарды берген кызматкерлердин саны | Кызматкерлердин жалпы санынан % |
| 4 | Мамлекеттик органдын ишинин сапатын жогорулатуу, маалыматтык ачык-айкындыгын камсыздоо | Сапаты жана ачыктыгы боюнча жаңы стандарттар иштелип чыккан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы санынан % |
| | | Жарандарга жана уюмдарга электрондук түрдө көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын саны | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы санынан % |
| | | Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн шарттарын жана жыйынтыктарын расмий сайтка жайгаштыруу | Мамлекеттик сатып алуулардын жалпы санынан % |
| | | Мамлекеттик органдардын иши жөнүндө маалыматтарга жарандардын жана уюмдардын жеткиликтүүлүгүн жана түз кайрылууга, аркы-терки байланышка болгон мүмкүндүктү камсыздоо | Кайрылуулардын жана аркы-терки байланыш каналдары боюнча жооптордун саны (коомдук кабылдамалар, "ишеним телефондор", "түз байланыш", форумдар) |
| | | Жарандардын жана юридикалык жактардын алардын укуктарын коррупциялык кол салуу ж.у.с. коргоо маселеси боюнча кайрылууларынын жыйынтыктары тууралуу ЖМКдагы жарыялардын үлүшү | Отчеттук мезгил ичинде жарыялангандардын санынын мурунку жылга караганда көбөйүшү (% менен) |
| | | Кызматкерлерге карата жүргүзүлгөн кызматтык териштирүүлөрдүн саны | Кызматтык териштирүүнүн жыйынтыгы боюнча жоопко тартылган кызматкерлердин саны |
| 5 | Коррупцияга каршы саясаттын чараларын ишке ашыруу маселелери | Коомдук мониторингдин жана контролдун жыйынтыктарын жарыялоо | Коомдук мониторингдин жана контролдун жыйынтыктары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | боюнча жарандык коом институттары менен биргелешкен аркы-терки байланышты камсыздоо | | тууралуу жарыяланган материалдардын саны |
| | | Жарандык коом менен биргелешип коррупцияга каршы күрөшүү боюнча жүргүзүлгөн коррупцияга каршы иш-чаралардын саны | Пландалган иш-чаралардын жалпы санынын ичиндеги иш-чаралардын тизмеси (% менен) |
| | | Мамлекеттик органдардын жарандык коомчулук менен биргелешип коррупцияга каршы чараларды аткаруу боюнча отчет берүүсү | Өз убагындагылыгы (мөөнөттөр боюнча аткаруунун даражасы) |
| | | Коррупцияга каршы колдонуудагы стратегияга жана программага өзгөртүүлөрдү киргизүү, коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү жаңы чараларды иштеп чыгуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу | Жаңы чараларды иштеп чыгуу боюнча сунуштардын саны жана мазмуну |
| 6 | Мамлекеттик кызматчыларга коррупцияга каршы билим берүү жана коррупцияга каршы жүрүм-турумдарын пропагандалоо | Мамлекеттик органда жана ведомстволук мекемелерде коррупцияга каршы күрөшүү маселеси боюнча өткөрүлгөн семинарлардын (иш-чаралардын) саны | Темалардын тизмеси жана семинарлардын саны |
| | | Коррупцияга каршы күрөшүү маселеси боюнча окуган мамлекеттик кызматчылардын саны | Тема боюнча окуган кызматчылардын санын көбөйтүү (%) |
| 7 | Мамлекеттик кызматта акыйкат башкаруу принциптерин жана этикалык стандарттарды киргизүү | Мамлекеттик органдарда акыйкаттык принциптерин киргизүү боюнча өткөрүлгөн семинарлардын саны (мамлекеттик кызматчылардын саны) | Семинарлардын жана окугандардын жалпы санынан % |
| | | Акыйкат башкаруу принциптерин сактоо боюнча Этикалык ченемдердин кодексин иштеп чыгуу | Этикалык ченемдердин кодексине кол койгондордун жалпы санындагы кызматчылардын саны (% менен) |
| | | Этикалык ченемдердин кодексинин сакталышын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча тартиптик | Этикалык ченемдердин кодексине кол койгондордун жалпы санындагы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жоопкерчиликке тартылган кызматчылардын саны | кызматчылардын саны (% менен) |

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна комплекстүү баалоо жүргүзүү боюнча**
**КОЛДОНМО**

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 15-сентябрындагы № 450-б буйругунун редакциясына ылайык)*

Мамлекеттик органдар тарабынан коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна комплекстүү баалоо жүргүзүү боюнча колдонмо (мындан ары - Колдонмо) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары (мындан ары - маморгандар) тарабынан коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүү үчүн колдонууга арналган.

Ушул Колдонмо баалоо жүргүзүү жол-жоболорун, отчётторду верификациялоону, коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууну, ошондой эле коррупцияга каршы аракеттенүү процесстерин башкаруу жана маморгандардын коррупцияга каршы ишинин туруктуу багытын институционалдаштыруу шаймандарын өркүндөтүүнү регламенттейт, ошондой эле төмөнкүлөрдү аныктайт:

- бирдиктүү терминологиялык базаны түзүүнү жана баалоо системасын унификациялоону;

- коррупцияга каршы чараларды натыйжалуу ишке ашыруу критерийлерин аныктоону;

- баалоонун жүрүшүндө тараптардын ортосунда өз ара аракеттенүү жана маалыматтар менен алмашуу процессин системалаштыруу жана тартипке салууну;

- маалыматтын негизги булактарынын тизмегин аныктоону;

- аралык жана жыйынтык натыйжаларын текшерүү механизмин түзүүнү.

Колдонмодо төмөнкүдөй негизги терминдер пайдаланылат:

**Баалоо** - өндүрүштүк кийлигишүүнүн максатка ылайыктуулугун, натыйжалуулугун, иштиктүүлүгүн, өнүмдүүлүгүн, баалуулугун, туруктуулугун жана/же тийгизген таасирин аныктоого багытталган процесс.

**Верификация** - ыкма, ал бир катар конкреттүү принциптердин жана ыкмалардын жардамы менен мамлекеттик органдар даярдаган коррупцияга каршы программалардын сапатын жана коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруунун негизги багыттарына шайкештигин баалоого мүмкүндүк түзөт.

**Валидация** - мамлекеттин коррупцияга каршы стратегиясынын алкагында аткарылуучу коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу процесси натыйжалуу болуп жаткандыгын жана коррупциялык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө жана маморгандардын ишине коррупцияга каршы механизмдерди ишке киргизүүгө мүмкүндүк түзүп жаткандыгын документтин негизинде ырастоо.

**Баалоо объекти** - бааланууучу маморган (маморгандын коррупцияга каршы ишинин негизги багыттары).

**Баалоо субъекти** - коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жоопту ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган.

## 1. Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүүгө карата негизги мамилелер

Баалоо иш-чараларын жүргүзүү максаты - коррупцияга каршы чараларды ишке ашыруу боюнча маморгандардын ишинин натыйжалуулугуна объективдүү, формага түшүрүлгөн бааны берүү, коррупцияга каршы чараларды ишке ашырууда пайда болуучу көйгөйлөрдү аныктоо жана коррупциянын алдын алуу механизмдерин өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Милдеттер:

- маморганда коррупциянын алдын алуу системасын баалоо;

- шайкештикти жана коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулук процессин баалоо;

- мониторингдөө жана баалоонун жыйынтыгы боюнча даярдалган коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин Катчылыгынын сунуштамаларынын, ошондой эле эл аралык баалоонун алкагында даярдалган сунуштамалардын аткарылышын баалоо;

- берилген маалыматтардын маморганда иш жүзүндө жүзөгө ашырылуучу коррупцияга каршы чараларга шайкештигин баалоо жана коррупциянын алдын-алуу чараларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтүү.

Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугун баалоо предмети мамарганга жүктөлгөн коррупцияга каршы милдеттердин жана коррупцияга каршы туруунун ички ведомстволук чараларынын аткарышынын даражасы.

Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугун баалоо ар жыл сайын баалоо субъекти тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген графикке ылайык отчёттук (календардык) жылдын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

Баалоо жүргүзүү графиги төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бааланууга тийиш болгон маморгандардын тизмегин;

- баалоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына жана Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин Катчылыгына корутундуларды берүү мөөнөттөрүн.

## 2. Коррупцияга каршы иш-чаралардын аткарылышынын натыйжалуулугун баалоо критерийлерин (көрсөткүчтөрүн) түзүүгө жалпы мамилелер

Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугунун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн түзүү төмөнкүдөй талаптардын негизинде жүргүзүлөт:

- натыйжалуулук критерийлерин багыттын түрүнө жараша бөлүү керек - коррупцияны алдын алуу же профилактикалоо, коррупция менен күрөшүү, коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин жоюу керек;

- коррупцияга каршы иш-чаралардын ар бир түрү үчүн алардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугун жана иштиктүүлүгүн мүнөздөөчү атайын критерийлерди жана көрсөткүчтөрдү түзүү зарыл;

- коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү жүргүзүлгөн иш-чаралардын сандык көрсөткүчтөрү менен алмаштырылбашы керек;

натыйжалуулуктун/иштиктүүлүктүн критерийлери жана көрсөткүчтөрү маморгандардын ушул отчётторунан тышкары, маалыматтык көз карандысыз булактары, социологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары, эксперттик баалоолор, коомдук пикир менен да ырастоого мүмкүндүк бериши керек;

- коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугунун критерийлери, мүмкүнчүлүккө жараша, коррупцияга каршы саясатты жүргүзүүнүн бир мезгилиндеги динамиканы чагылдырышы керек;

- натыйжалуулуктун/иштиктүүлүктүн критерийлери аткаруу сапатын, жүргүзүлгөн иш-чаралардын милдеттерге жана маморгандын демилгеси боюнча аткаруу мөөнөттөрүн эки же андан көп жолу узартууга жол бербестен, белгиленген мөөнөттөргө шайкештигинин даражасын чагылдырышы керек.

## 3. Баалоо жүргүзүүнүн принциптери

Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүүгө даярданууда төмөнкүдөй принциптерди сактоо керек.

"Ачык эшик" принциби көз карандысыз эксперттерди, жарандык сектордун өкүлдөрүн кошкондо, ар түрдүү кызыкдар тараптарды ишке тартууда турат.

Объективдүүлүк принциби - кызыкчылыктардын кагылышын жана субъективизмди жокко чыгаруучу, баалоону жана талдоону ар тараптуу толук жана көз карандысыз жүргүзүү.

Аныктык принциби - баалоону анык маалыматтын негизинде жүргүзүү жана баалоонун жыйынтыктарын тийиштүү документтер менен ырастоо.

Ачыктык принциби - маалыматтын келип чыгуу булагын текшерүү мүмкүндүгү.

## 4. Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүү жол-жобосу

Коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугун баалоо бир нече этапта жүргүзүлөт:

1-этап

Баалоо субъекти:

- 3төн 9га чейин адамдан турган эксперттик топту аныктайт жана бекитет, анын курамына баалоо субъектинин, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын (макулдашуу боюнча), маморгандардын өкүлдөрү жана көз карандысыз эксперттер кирет;

- коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүүнүн графигин бекитет;

- баалоону жүргүзүүнү баштоого чейинки 15 күндөн кечиктирбей, баалоо жүргүзүү жөнүндө кабарды мамorганга жөнөтөт. Кабар менен кошо ушул Колдонмонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча суроолор тизмеги жөнөтүлөт.

Баалоо объекти суроолор тизмегин изилдейт жана отчётту, ошондой эле керектүү документтерди даярдайт (алгачкы мониторингдин жыйынтыгын, отчётторду ж.б.).

Баалоо жүргүзүүнүн узактыгы бааланууучу мамorганга жараша 3төн 10 жумуш күнүн түзөт.

2-этап

Эксперттик топ:

- бардык керектүү документтерди сунуштоо менен баалоо объекти тарабынан сунушталган даярдалган суроолор тизмегинин 1-тиркемеге ылайык маморгандын коррупцияга каршы чараларын верификациялоо жана валидациялоо процессин жүргүзөт;

- маморган сунуштаган алгачкы мониторинг боюнча документтерге текшерүүнү жүргүзөт (мурда берилген отчёттор; Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитинин жыйынтыгы жөнүндө маалымкат; коррупцияга каршы саясаттын ишке ашырылышын уюштуруучулук жана ченемдик-укуктук камсыздоо боюнча тийиштүү чечимдер; коррупциялык тобокелдиктердин пайда болушунун тармактык шарттарын талдоо жөнүндө маалымат; коррупциялык тобокелдиктерди кыскартууга жана коррупциялык схемаларын бузууга тиешеси бар башка маалыматтардын каалаганы жана шилтемелер (мисалы, көз карандысыз отчёттор, ЖМК билдирүүлөр, эксперттик пикирлер ж.б.).

Коррупцияга каршы саясат боюнча программалык документтерге негизделип, баалоо:

- Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын аткаруу боюнча маморгандардын иш-чаралар планында жана ведомстволук пландарында көрсөтүлгөн чаралар берилген отчёттордо баяндалгандай (иш-чаралар, жыйынтыктар, таасири, ресурстар) аткарылып жаткандыгын күбөлөндүрүшү керек;

- алгачкы мониторинг боюнча отчёт жана башка берилген ырастоочу документтер бар экендигин жана коррупцияга каршы мониторингдин жана баалоонун методологиясына жана коюлган талаптарга ылайык верификацияланышы мүмкүн экендигин күбөлөндүрүшү керек;

- ишке ашырылган чаралар коррупцияны алдын алуу жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу системасын түзүүгө кандайча таасир тийгизгендигин баалашы керек.

Эгерде баалоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө кемчиликтер табылса, ал эми корутундулар баалоо объектинин ишинин натыйжалуулугун жана жыйынтыктуулугун кыйла жогорулатуу мүмкүндүгүн белгилесе, анда ушул кемчиликтерди жок кылуу боюнча чараларды көрүү үчүн тийиштүү сунуштарды даярдоо керек, алар маморгандын коррупцияга каршы чараларды аткаруусунун натыйжалуулугу жөнүндө эксперттик корутундуга киргизилет.

3-этап.

Эксперттик топ:

- жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгы боюнча эксперттик топ баалоо субъекти тарабынан белгиленген, баалоо жүргүзүү мөөнөтү аяктаганга чейинки 3 жумушчу күндөн мурун отчёттун долбоорун ушул Колдонмонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча даярдайт.

Максат - кайсы суроолорго толук жооптор берилгендигин, кайсы суроолор кошумча түшүндүрүүнү талап кылгандыгын, ошондой эле кайсы суроолор көйгөйлүү болуп саналгандыгын жана баалоо процессинде өзгөчө көңүлдү бурууну талап кылгандыгын аныктоо;

- маморгандын тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөрү жана кызмат адамдары менен отчёттун долбооруна бирдиктүү талкуулоону жүргүзөт;

- зарылдыгына жараша, сунушталган документтердин жана негизделген эскертүүлөрдүн жана сунуштардын негизинде отчёттун долбооруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет. Талаш учурлар пайда болгон учурларда маморган 3 жумушчу күндүн ичинде керектүү документтерди жана маалыматты даярдайт жана негизделген комментарийлерди жана сунуштарды берет;

- коррупцияга каршы мониторингдин жана баалоонун методологиясына ылайык шайкештик рейтингин белгилөө менен жүргүзүлгөн баалоого жыйынтык талкуулоону жүргүзөт;

- отчёттун долбоорунун акыркы версиясын даярдайт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына кароого жөнөтөт;

- маморгандын коррупцияга каршы ишинин ар бир багыты боюнча сунуштамаларды даярдайт. Сунуштамалардын мазмуну натыйжалуулукту баалоонун коюлган максаттарына шайкеш келиши жана жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча чыгарылган корутундуларга жана тыянактарга негизделиши керек.

Сунуштамалар төмөнкүдөй болушу керек:

- табылган кемчиликтин же көйгөйдүн себебин жоюу боюнча конкреттүү чараларды кабыл алууга багытталууга;

- аларды киргизүүдөн баалоого жана ченөөгө мүмкүн болгон жыйынтыктарды алууга;

- так, түшүнүктүү жана конкреттүү.

Жыйынтыктарды объективдүү баалоо үчүн отчётко маморгандын коррупцияга каршы ишиндеги көңүлдү бурууга татыктуу болгон жетишкендиктерин да кошуу керек, алар жөнүндө маалымат башка маморгандар тарабынан алардын коррупцияга каршы ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

Коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзүлгөн баалоо жөнүндө жыйынтык отчётту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жыйынында карап чыгуу жөнүндө сунушту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына киргизет.

Кыргыз Республикасынын<br>мамлекеттик органдары<br>тарабынан коррупцияга<br>каршы чаралардын ишке<br>ашырылышынын<br>натыйжалуулугуна<br>комплекстүү баалоо<br>жүргүзүү боюнча<br>колдонмонун<br>1-тиркемеси

Форма

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна комплекстүү баалоо жүргүзүү үчүн суроолордун**
**ТИЗМЕГИ**

| № | Негизги суроолор | Ведомстволук пландын алкагында | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн планынын алкагында |
|---|---|---|---|
| Коррупцияга каршы саясаттын ишке ашырылышын камсыздоо боюнча ченемдик-укуктук жана уюштуруучулук чаралар | | | |
| 1 | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча Ыйгарым укуктуунун болуусу | | |
| 2 | Ведомстволук коррупцияга каршы программанын болуусу | | |
| 3 | Мамлекеттик органдын коррупцияга каршы комиссиясынын болуусу | | |
| 4 | Коррупциянын алдын алуу чараларынын ишке ашырылышы боюнча түзүмдүк бөлүмдөр/аймактык башкармалыктар менен өз ара аракеттенүүнүн бекитилген жол-жобосунун болуусу | | |
| 5 | Кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын арасында сурамжылоо жүргүзүү жолу менен (анкеталоо) мамлекеттик органдагы коррупциялык факторлорду ачыкка чыгаруу жана аларды жоюу | | |
| 6 | Мамлекеттик органда коррупциянын алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн алдын алуу чаралары | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Сунуштар: | | |
| | Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү боюнча чаралар жана колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо (алар жүргүзүлгөн учурда) | | |
| 7 | Колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга инвентаризация жүргүзүү | | |
| 8 | Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү | | |
| 9 | Ченемдик укуктук актыларга же алардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертизаны жүргүзүү практикасы (анын ичинде көз карандысыз эксперттер тарабынан) | | |
| 10 | Коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү маселелери боюнча окуу семинарларынын саны | | |
| Сунуштар: | | | |
| Коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу жолу менен коррупциянын алдын алуу боюнча чаралары | | | |
| 11 | Мамлекеттик органдардын милдеттерин ишке ашырууда коррупциялык тобокелдиктер ачыкка чыгарылды | | |
| 12 | Коррупциялык тобокелдиктерге баалоо жүргүзүлдү | | |
| 13 | Коррупциялык тобокелдиктердин системага түшүрүлгөн тизмегинин болуусу | | |
| 14 | Мамлекеттик органда коррупциялык тобокелдиктердин бекитилген реестринин болуусу | | |
| 15 | Коррупциялык тобокелдиктерди башкарууну мониторингдөөнүн жана баалоонун ички ведомстволук системасы киргизилген | | |
| 16 | Мамлекеттик органдагы коррупциялык фактылар боюнча келип түшкөн жана каралган арыздардын саны | | |
| Сунуштар: | | | |
| Мамлекеттик кызмат өтөө менен байланышкан чектөөлөрдү жана тыюу салууларды сактоо боюнча контролдоо жана кадрдык жактан камсыздоо системасын өркүндөтүү боюнча чаралар | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 17 | Мамкызматчылардын жүрүм-турумунун этика ченемдерин сактоо боюнча көрүлүүчү чаралар | | |
| 18 | Маморгандын кызматчыларынын жүрүм-турумуна карата талаптардын, чектөөлөрдүн жана тыюу салуулардын сактоо, коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча окутуу семинарларын жана тренингдерди өткөрүү | | |
| 19 | Маморганда аныкталган, анын ичинде ЖМКдагы макалалардын негизинде ачыкка чыккан коррупциялык көрүнүштөр боюнча кызматтык иликтөөлөрдү жүргүзүү, жыйынтыктарды талдоо жана жалпылоо | | |
| 20 | Кадрдык саясатты ишке ашыруу алкагында коррупцияга каршы механизмдерди киргизүү боюнча иш-чаралар | | |
| 21 | Коррупциянын алдын алуу максатында жүргүзүлгөн ички ротациялар | | |
| 22 | Ишенимден чыгууга байланыштуу кызматынан бошотулган кызматкерлердин саны | | |
| Сунуштар: | | | |
| Мамлекеттик органдын ишинин маалыматтык айкындуулугун камсыз кылуу жана ачыктыкты жогорулатуу боюнча чаралар | | | |
| 23 | Маморгандын расмий сайтында коррупцияга каршы иштер боюнча бөлүмдүн болушу жана иштеши | | |
| 24 | Мамлекеттик органдын ишинин маалыматтык ачыктыгын камсыз кылуу механизми жана коррупцияга каршы чараларды ишке ашырууну ЖМКда кенен чагылдыруу, кайра байланыш | | |
| 25 | Коррупцияга каршы иштер жана коррупцияга каршы саясаттын ишке ашырылышы жөнүндө жарандарга маалымат берүү боюнча ишке ашырылган иш-чаралар/өткөрүү ылдамдыгы | | |
| 26 | Сапаттын жана ачыктыктын жаңы стандарттары иштелип чыккан, | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын тизмеси | | |
| 27 | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин ЖМКда чыгып сүйлөшү | | |
| 28 | Даттанууларды жана сунуштарды кабыл алуу үчүн коррупцияга каршы "шыр байланыш", "call-борборлордун" иштеши | | |
| Сунуштар: | | | |
| Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча жарандык коом менен өз ара аракеттенүү боюнча чаралар | | | |
| 29 | Маморгандын жарандык коомдун институттары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу үчүн көрүлгөн чаралар | | |
| 30 | Коррупциянын алдын алуу боюнча ведомстволук планды иштеп чыгууга жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусу | | |
| 31 | Маморганда коррупциянын алдын алуу боюнча жарандык коомдун өкүлдөрү менен бирге жүргүзүлгөн иш-чаралардын болушу | | |
| 32 | Маморганда коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча жарандарды кабыл алууну уюштуруу | | |
| Сунуштар: | | | |
| Мамлекеттик органдын кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумдарын пропагандалоо жана коррупцияга каршы билим берүүнү уюштуруу боюнча чаралар | | | |
| 33 | Кызматкерлерди окутуу үчүн программанын болуусу | | |
| 34 | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча иштелип чыккан жана бекитилген методикалык материалдардын болуусу | | |
| 35 | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча кызматкерлер үчүн өткөрүлгөн окутуу семинарларынын саны | | |
| 36 | Маморганда коррупцияга каршы пропаганданы өткөрүү механизми | | |
| 37 | Коррупцияга каршы пропаганданы ишке ашырууну камсыз кылуучу маалыматтык материалдардын болуусу | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 38 | Жалпыга маалымдоо каражаттарында калк үчүн коррупцияга каршы пропаганда жүргүзүү боюнча иш-чаралардын жалпы саны | | |
| 39 | Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча басма жарнамалык материалдарды чыгаруу (плакаттар, брошюралар, стикерлер, значоктор ж.б.) | | |
| Сунуштар: | | | |
| Мамлекеттик кызматта ак ниет башкаруунун жана этикалык стандарттардын принциптерин киргизүү боюнча чаралар | | | |
| 40 | Мамкызматчылардын жүрүм-турумунун этикалык стандарттары иштелип чыккан жана киргизилген | | |
| 41 | Маморганда ак ниет башкаруунун принциптерин киргизүү боюнча чаралардын болуусу | | |
| 42 | Жамааттын ичинде коррупциянын пайда болуусуна чыдабаган кырдаал түзүү максатында маектерди жана лекцияларды өткөрүү | | |
| Сунуштар: | | | |
| Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу боюнча чаралар | | | |
| 43 | Мамлекеттик кызматта аныкталган кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө маалымат | | |
| 44 | Мамлекеттик кызматта кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу боюнча жыйындарды өткөрүү | | |
| 45 | Мындай кагылыштардын алдын алуу же жөнгө салуу боюнча чараларды көрүү | | |
| Сунуштар: | | | |
| Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө коррупциялык көрүнүштөрдү азайтуу боюнча чаралар жана натыйжалуу ички аудит | | | |
| 46 | Тендердик документтер тууралуу, ошондой эле акы төлөмө негизде көрсөтүлгөн кызматтардын тизмегин аныктоо менен, бир булактан сатып алуу методу жөнүндө маалыматтарды ачык пайдаланууну камсыздоо системасы | | |
| 47 | Ички аудиттин стандарттары бекитилген | | |
| Сунуштар: | | | |

Эскертүү:

Жоопторго кошумча катары жооптордо шилтеме келтирилген бардык документтердин көчүрмөлөрү (же алардан тиешелүү үзүндү) берилиши керек.

Суроолордун бирине маанилүү жооп берилбеген учурда маморган жазуу жүзүндө негиздеме бериши керек.

Суроолордун жооптору электрондук формада да болуусу керек.

Укук коргоо жана контролдоочу органдар үчүн баалоо субъекти кошумча суроолорду берүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын
мамлекеттик органдары
тарабынан коррупцияга
каршы чаралардын ишке
ашырылышынын
натыйжалуулугуна
комплекстүү баалоо
жүргүзүү боюнча
колдонмонун
2-тиркемеси

Форма

**Мамлекеттик орган тарабынан коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча**
**ОТЧЁТ**

1. Документтин аталышы.
2. Мамлекеттик органдын аталышы.
3. Мамлекеттик органдын паспорту:
- функциялары;
- мамлекеттик органдын уюштуруу түзүмү;
- штаттык саны;
- мамлекеттик органдын жетектөөчү курамы;
- коррупцияга каршы чараларды аткарууну координациялоо боюнча жоопту кызмат адамы;
- коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу.
4. Рейтингдин жалпыланган натыйжалары

| **Талдоого алынуучу багыт** | **толук бойдон талапка шайкеш;**<br>**- белгилүү деңгээлде шайкеш;**<br>**- жарым-жартылай шайкеш;**<br>**- шайкеш эмес** |
|---|---|
| Коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу үчүн ченемдик-укуктук жана уюштуруучулук камсыздоо | |
| Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү жана колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга инвентаризация жүргүзүү (жүргүзүлгөн учурда) | |
| Коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу жолу менен коррупциянын алдын алуу | |

| | |
|---|---|
| Мамлекеттик кызмат өтөө менен байланышкан чектөөлөрдүн жана тыюу салуулардын сакталышы боюнча контролдоо жана кадрдык жактан камсыз кылуу системасын өркүндөтүү | |
| Мамлекеттик органдын ишинин маалыматтык айкындуулугун камсыз кылуу жана ачыктыкты жогорулатуу | |
| Жарандык коом менен өз ара аракеттенүү | |
| Мамлекеттик органдын кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумдарын пропагандалоо жана коррупцияга каршы билим берүү | |
| Мамлекеттик кызматта ак ниет башкаруунун жана этикалык стандарттардын принциптерин киргизүү | |
| Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу | |
| Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө коррупциялык көрүнүштөрдү азайтуу жана натыйжалуу ички аудит | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн планынын жана саясий жана системалуу коррупцияны жок кылуу боюнча ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн алкагында милдеттерди ишке ашыруу | |

5. Сунуштамалар

6. Жыйынтык.".